# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУНУН ОРЧУНДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

**АЛИЕВА АЙЖАН**
*КР УИА, кенже илимий кызматкер*

Адабият- искусствонун бир тармагы, сөз өнөрүнүн жазма түрүндө өнүккөн формасы. Коомдук аң-сезим формаларынын ичинен адабият байыртан эле өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүгү, адамдарга тез жана эмоциялуу таасир этүүсү күчтүү касиетке ээ экендиги менен айырмаланып келген. Адамдын рухий дүйнөсүн, анын турмуш-тиричилигин, күрөшүн иликтеп, тереңде жаткан бай, ички сезимдерди ачып, коомдун өнүгүш закон ченеминин мүнөздүү жактарын туюнта турган көркөм образдарды түзүү менен адамдарга таасир этүү, алардын аң-сезиминин идеялык-эстетикалык жактан жаңыланышына кызмат кылуу адабияттын негизги милдети. Көркөм адабият өзүнүн каармандарынын турмушу, ошол турмуштагы аракеттери, коомдо болгон жана болуп жаткан чындыкты элестүү чагылдырылышы аркылуу адамдардын аң-сезиминин калыптанышына жардам берет. Мына ушул көркөм адабияттын адамдарга, алардын ичинен айрыкча жаш өспүрүмдөрдүн турмушунда чоң мааниси бар. Адабияттын мектептердеги окула турган предмет катары алган орду жана мааниси, өзүнө тиешелүү болгон өзгөчөлүктөрү менен аныкталат. Адабият окуу предмети катары өспүрүмдөргө ар жактуу тарбия гана бербестен, окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык адабияттын өзү жөнүндө билим берүү милдетин да аткарат. Адабият сабагы боюнча берилген билимди өздөштүрүү деген сөз- ошол эле мезгилде аларды эмгектенүүгө тарбиялоо дегендик да болуп саналат. Жогорудагы айтылып өткөндөр улуттук адабиятты өнүктүрүүдө, Ата Мекен алдында чоң эмгек сиңирген. Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары адамдарды, анын ичинде өзгөчө жаштарды адам коомундагы жашоодо эмгектин ролун жана эмгектин чыныгы ээси болуууга тарбиялайт. Кезегинде чыгаан педагог В.А.Сухомлинский: “ Дүйнөдө адамдын өзүнөн кызыктуу эч нерсе жок”, -деген эмеспи. Ал эми ошол адам тагдыры, адам турмушу, сүйүүсү, кубанычы, кулк-мүнөзү, дүйнөгө болгон көз карашы, жашоосу баяндалган көркөм чыгарманы, адабиятты окутуу канчалык жоопкерчиликти талап кылаарын айтпасак да түшүнүктүү. Өзгөчө азыр кыргыз тилине мамлекеттик деңгээлде көңүл бурулуп жаткандыктан мектепте кыргыз адабияты сабагын окутуунун сапаттык деңгээлин, мазмунун тереңдетүү, жаңыртуу маселеси-учурдун талабы.

Кыргыз адабияты- бул сөз өнөрү гана эмес, бул улуттук рухий байлык, улуттук тарых, маданият, элдик илим-билим. Мына ушундай кенчти окуучуларга окутуу менен улуттук асыл сапаттарга тарбиялай билүүбүз зарыл. Окуучулардын кызыгуусу, кабыл алуусу өзгөрүп атканын эске алып радио, телевидение, видео, аудио, компьютер, интернет сыяктуу каражаттарды колдонуунун мезгили келип жетти. Окуу стандартын дүйнөлүк деңгээлге жеткирүү үчүн замандын талабына жооп берген жаңы типтеги окуу пландары жана программалар, дидактикалык материалдар, окуучулар үчүн кошумча окуу китептерин, илимий методикалык китептерди чыгаруу керек. Буга мугалимдер үчүн толук кандуу шарт түзүү жана алардын наамына, жашына, социалдык абалына карабай атаандаштык чөйрөсүн түзүү аркылуу жетебиз деп ойлойбуз.

Айтматовдун темасынын чордону-Адам. Анын көздөгөнү кандайдыр бир окуяны айтып берүү эмес, же болбосо каармандардын тагдырын тааныштыруу эмес. Ал ошол окуяларды тагдырлар аркылуу философиялык жогорку деңгээлде адамдын касиети менен акылын, адамгерчилигин, адалдыгы менен арамдыгын көрсөтүү. Айтматов сүрөттөгөн каармандар-бири- бирине окшобогон мүнөзү, жүрүштөрү менен адамзат коомундагы окшобогон касиеттердин символу.

Жазуучу натурасы, дүйнөнү сезүүсү жана көркөм ойлоо түзүлүшү жагынан – акын. Ал чыныгы акын сыңары чоң категориялар менен масштабдуу, бүкүлү-бүкүлү ойлонот. Көрүнүштөрдүн урунттуу жактарын кармап, аларды коюулантып, биринчи планга чыгарып, символикалык түрдө жалпылап берет. Ал көп учурда турмуштук сүрөттөрдү

ийне-жибине чейин майдалап деталдаштырбайт, адамдын психологиялык табиятын жана нравалык диалектикасын билинер-билинбес кыймылдарына чейин тирмийе анализдеп отурбайт, каармандарынын сырткы кебетесин “кармап көргүң келгидей” кылып индивидуалдаштырбайт. Ошол себептен анын чыгармаларында прозаныкына караганда поэзиянын стихиясы күчтүүлүк кылат. Жазуучу жаңы чыгарма жазды. Ал “Саманчынын жолу” эле. Бир укканда табышмактуу ат. Бирок ал чыгарманын бүткүл духуна жана өзөгүнө куюп койгондой эриш-аркак келип, кандайдыр бир терең философиялык жаңырык берип турат. Автор аны жупунураак кылып “повесть” деп атаптыр. Бул чыгарма белгилүү бир адабий жанрдын рамкасына сыйбайт. Ал адабияттагы жана искусстводогу көп жанрлардын синтезинен бүткөн. Аны роман десе да, кинопоэма, же жөн гана поэма десек да болот. “Саманчынын жолун” бир дем менен окуп чыгасың. Анын сюжетинде кысылган пружинанын күчү бар. Окуп жатканда ошол сюжеттин зымыраган дөңгөлөгү менен кошо айланып, окуянын динамикасына бүтүндөй жутулуп, бир саатта профессионалдык өнөкөттөрүңдөн айрыласың. “Саманчынын жолу” чыныгы поэзиялык чыгармалар сыяктуу капыстан, адаттан тышкары, окуучу күтпөгөн караманча шарттуу ыкма менен башталат. Эне менен Жер сүйлөшөт. Эки карт муң айтышат, сыр айтышат. Анан көз алдыңан бир адамдын кыйма-чийме өмүрү, сүйүү менен шаттык, эмгек үзүрү менен энелик бакыт, кайгылар менен трагедиялар, өлүм менен өмүрдүн арыбаган күрөшү кино кадрдын ылдамдыгы менен зуулдап өтө берет. Толгонай өз аңгемесин жаш чагынан баштайт. Ал турмуштун бардык жакшылыгынан кур жалак калган жок. Адам өмүрүнүн ашкан улуу зыйнаты- чыныгы махабаттын даамын татты. Жаңы заман келгенде эмгектен баар таап, бала-чакасынын үзүрүн көрдү. Адамдык бакыт деген эмне экенин ал өз башынан өткөрдү. Ошол себептен ал жаш чагын ичи элжиреп, бир башкача мээрим менен эскерет. Жакшы турмуштун үзүрүн, өз перзентинин убайын көрүп жаткан Толгонайдын бактылуу тагдырына күтүлбөгөн жерден согуш бүлгүн салат. Кырсыктар аны кууду удаалаш келген деңиз толкуну сыяктуу ургулайт. Өмүрлөш жарынан, үч азамат уулунан ажырайт. Бул жан чыдагыс трагедия эненин кабыргасын кайыштырат, бирок биротоло мүңкүрөтө албайт. Акыры барып арзып күткөн улуу Жеңиш да келет. Ага эл катары эне да кубанат. Бирок анын кубанычында зор күйүттүн даамы бар эле, анткени, Жеңиш ага кара кийип, кайгы менен келди. Адам үмүтү эч качан бүтпөйт, адам тукуму эч качан үзүлбөйт, турмушту токтотуучу күч жок. Адам баарын жеңет. Адам эч убакта касиеттүү жерге дан чачпай калбайт. Чыгарманын түпкү идеясы ушуга барып такалат. Мына ушул идеяны биз окуучуларга автордун берейин деген оюн эч бузбастан, кемитип же өз жеке оюбузду кошуп бурмалабастан туура так жеткирүүнүн, окуучулардын жүрөгүнөн түбөлүктүү орун алгыдай кылып окутуунун ар кандай методдору аркылуу ар бир жаш инсанга жеткире билишибиз керек.

Мугалимдин микро дүйнөсү тынчыбаган, изденген, аруу жүрөгү ышкы менен жигерге жык толуп, маанайы адамдык нарк-насил менен тогошо жылдызданып турган , коомдун келечегине түздөн-түз жоопкер жан. Эгер алардын тулку бою жалаң билимге толуп турса, анда катардагы эле маалыматтуу кишинин бири болмок. Мугалимде билим менен кошо дагы укмуштуу касиет-башкаларга окшобогон, балким, төрөлүү менен бирге жаралган же сая түшүп окуу, тажабаган мээнет, аракет жана изденүү кумары менен пайда болгон өзгөчө бир илим бар, ал-үйрөнүү, окутуу, жаңы адамды калыптандыруу илими. Бул кош сапат, билим жана үйрөтүү илими. Бул ар бир мугалимдин кош канаты болуп саналат. Экөөнүн бирөөнөн ажыроо-тайыздоо, кыскарылуу, кызыктуулуктан супсактыкка көчүү дегендик. Ошон үчүн билимдүү адамдын баары мугалим эмес. Ошондой эле билимсиз үйрөтүүчү да болбойт. Ал эми педагогикалык процесс өзүнүн кем-карчы менен ийгиликтерин талдоо аркылуу максат-мүдөөлөрүн жаңылап, ондоп-түзөө этабын башынан кечирүүдө. Ар бир сабак жандуу процесс болгондуктан ал убакыт өткөн сайын өзгөрүлүп, кем-карчтары толукталып, ашыкчалары мезгил талабына ылайык четке чыгып кала берет. Бүгүнкү күндөгү окуу китептеринин проблемаларын чечүү, новатор мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтуу жана башка маселелерди чечүү үчүн республикалык

деңгээлдеги илимий практикалык конференция жылына 5-6 жолу өтүлүп турса адабиятты окутуу жакшырып, окутуунун ыкмалары да өнүкмөк. Мектепте чыгармачылык менен иштеген мугалимдер менен окумуштуулар биргелешип, эң жакшы үлгүдөгү окуу китептерин жазышса туура болмок деп ойлойбуз. Өзгөчө кыргыз тили, адабияты боюнча хрестоматия, методикалык колдонмолор, жаңы типтеги көнүгүүлөр жыйнагы, дилбаян, баяндама, жат жазуу жыйнактары серия менен чыгып турса мугалимдер үчүн жеңилдик болмок. Педагог-экспериментатор, педагог-окумуштуулардын коому түзүлүп, мектептер менен жогорку окуу жайлары менен тыгыз байланышта болуп, иш алып барышса, бир топ көйгөйлүү проблемалар чечилмек деп эсептейбиз. Мектепте да окуучулар илимий топторун түзүп, өздөрү жазган илимий иштерин райондук, шаардык мектептер арасында жактап турушса, келечекте илимпоз, адабиятчылардын катары толукталып турмак. Бүгүнкү күндө илимий-техникалык прогресстин заманында 21-кылымдын татыктуу кадрларын даярдоо, мезгилдин, коомдун талабына татыктуу ар тараптан өнүккөн инсанды окутуп, тарбиялоо сыяктуу эң жооптуу милдет мойнубузда экенин эч убакта унутпашыбыз керек. Окуу стандартын дүйнөлүк деңгээлге жеткирүү үчүн замандын талабына жооп берген жаңы типтеги окуу пландары жана программалар, дидактикалык материалдар, окуучулар үчүн кошумча окуу китептерин, илимий методикалык китептерди чыгаруу керек. Буга мугалимдер үчүн толук кандуу шарт түзүү жана алардын наамына, жашына, социалдык абалына карабай атаандаштык чөйрөсүн түзүү аркылуу жетебиз деп ойлойбуз.

Азыркы учурда Кыргызстандын орто окуу жайларында колдонулуп жаткан Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан мыйзамдуу бекитилип окуу программалары аркылуу окутулуучу сабактар кантип жогоруда белгилеген күтүлүүчү натыйжаларга жетүү үчүн сабактын формасын гана жаңылабастан, ар бир сабактын мазмунун да инновациялоо зарыл экендигин айкындады. Бул жагынан алганда майда темаларга бөлүнгөн, окуучулардын билим алуусуна карата жөнөкөйлөштүрүлгөн, жаш курагына ылайыкташтырылып жөнөкөйдөн татаалды карай жайгаштырылган окуу программасын жүзөгө ашыруу болсо, бир топ жылдардан бери колдонулуп келген “сабак-жомок”, “сабак-сахна”, “сабак-диспут”, “сабак-конференция”, “сабак-панорама”, “сабак-экскурсия”, ж.б. ушул сыяктуу сабактын жаңычыл формаларын, методдорун, ык-жолдорун мазмундук жактан инновациялоодо коммуникативдүү окутууга мүнөздүү кеп ишмердигин калыптандырууга карай компетенттүүлүккө негизделген жаңы максаттарды ишке ашырууга милдеттендириш зарыл.